УДК 801.81(=512.154)
DOI: 10.36979/1694-500X-2023-23-2-64-68

# ВОСПИТАТЕЛЬНЫЙ ПОТЕНЦИАЛ ПОУЧИТЕЛЬНО-НАЗИДАТЕЛЬНЫХ ПЕСЕН КЫРГЫЗСКОГО ФОЛЬКЛОРА

***А.С. Баялиева, С.Н. Нурбекова***

*Аннотация.* С незапамятных времён народные сказания и устные произведения имели широкое хождение среди людей и служили для поощрения нравственности, справедливости, честности и лучших качеств человека. В кыргызском фольклоре поучительно-назидательные песни также занимают особое место в процессе воспитания подрастающего поколения и отличаются рекомендательным характером для молодёжи при выборе правильного направления в жизни. В связи с этим известные писатели, философы, учёные разных народов, придавая этому жанру большое значение, широко использовали в своих трудах.

*Ключевые слова:* народные акыны; поучительно-назидательные песни; фольклор; воспитание; этнопедагогика.

# КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ САНАТ-НАСЫЯТ ЫРЛАРЫНЫН ТАРБИЯЛЫК ДАРАМЕТИ

***А.С. Баялиева, С.Н. Нурбекова***

*Аннотация.* Элдин элегинен өткөн нуска сөздөр, оозеки чыгармалар эзелтен бери эле калайык калктын өзүндө, алардын сүйлөгөн сөзүндө жашап, адептүүлүккө, адилеттүүлүккө, ар-намыстуулукка, адамзаттагы эң жакшы сапаттарга үндөө үчүн кызмат өтөп келген. Кыргыз фольклорундагы санат-насыят ырлары дагы жаш муунду тарбиялоо процессинде өзгөчө орунду ээлеп, келечек ээлерин турмушта туура нукка багыттоого зор салым кошуп келген. Мына ошол элдик даанышмандыкка дүйнө элинин даңктуу жазуучулары, философтору, илимпоздору ж.б. зор маани беришип, өздөрүнүн эмгектеринде кеңири колдонушкан.

*Түйүндүү сөздөр:* элдик акындар; санат-насыят ырлары; фольклор; тарбия; этнопедагогика.

# EDUCATIONAL POTENTIAL OF INSTRUCTIVE AND EDIFYING SONGS OF KYRGYZ FOLKLORE

***A.S. Bayalieva, S.N. Nurbekova***

*Abstract:* Since time immemorial, folk tales and oral works have been widely circulated among people and have served to promote morality, justice, honesty and the best qualities of a person. In Kyrgyz folklore, instructive and edifying songs also occupy a special place in the process of educating the younger generation and are distinguished by a recommendatory character for young people when choosing the right direction in life. In this regard, famous writers, philosophers, scientists of different nations, attaching great importance to this genre, have widely used it in their writings.

*Keywords:* folk akyns; instructive songs; folklore; education; ethnopedagogy.

Президенттин “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыгында (2021-ж.) “Кыргыз Республикасынын 2021–2030-жылдарга чейин окуучу жаштарды руханий адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясында” (2021-ж.) тарбиялоонун башкы максаты катары жаштардын адептик, демократиялык сапаттарын ата мекендик педагогикалык традициялар аркылуу калыптандыруу, ошондой эле жаш муундарга

элдик руханий маданияттын мурастарын элдик педагогиканын идеялары, улуттук-тарыхый дөөлөттөрү жана педагогикалык маданияты аркылуу жеткизүү милдеттери белгиленген.

Ал эми элдик руханий-дөөлөттөр аркылуу жаштарды тарбиялоо маселелери А. Алимбеков [1], Н.А. Асипова [2], Б. Муратбаев [3], Н. Шадиев [4], Т.Н. Умаров [5] ж. б. окумуштуулардын изилдөөлөрүндө да чагылдырылган.

Элдик руханий чыгармалар жаралганда эле анын түздөн-түз көздөгөн максаты элди, айрыкча жаштарды тарбиялоо болгон. Мына ошондуктан эл аларды тарбиялоочу негизги каражат катары пайдаланган.

Заманыбыздын залкар жазуучусу Ч. Айтматов: «… кыргыз эли өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ар-намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын оозеки эпикалык жанрда чагылдырган. Дайыма кыймыл-аракеттин, дайыма жандуу организмдин касиетине ээ мындай баа жеткис асылзат өткөн маданий эстеликтин чегинен чыгып, түз эле азыркы учурдун талабына шаймашай жооп берген жандуу эстетикалык кубулуш катарында элдин реалдуу руханий асылдыктарына келип кошулат», – деп аныктайт.

Байыркы Чыгыштын жазма эстеликтери айгинелеп тургандай, санат-насыят ырлары ошол элдин фольклорунун негизги компонентин түзөт.

Орто Азия элдериндеги байыркы элдик мурастар – Кайковустун “Кабус-наме”, Махмуд Кашгаринин “Диван лугат ат-түрк”, Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим”, Ахмад Югнакинин “Хибатул-Хакайик”, Кашифинин “Ахлоки-Мукшни” ж. б. чыгармалары элдик философияны чагылдырышкан. Демек, санат-насыят ырларынын пайда болушу эң байыркы мезгилге туура келген. Ал эми Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” чыгармасы санат-насыят ырларынын башаты жана философиялык, дидактикалык поэма. Мындан сырткары, чыгыш элдеринин атактуу ойчулдары Ибн-Сина, Аль-Фараби, Омар Хайям, Фирдоуси, А. Навои, түркмөн акыны Курбан Дурды Залили (1802–1852), каракалпак эл акыны Бердах Коргобай уулу (1824–1878), Кункожо (Жиемурат) (1799–1820) ж. б. акылман ойчулдардын чыгармалары да санат-насыят формасында жазылган [6].

Элдик оозеки чыгармаларды элдик педагогиканын негизги булагы катары карап, педагогика илиминин ири тармагы – этнопедагогикага негиз салган чуваш окумуштуусу Г.Н. Волковдун пикири боюнча, да «элдик оозеки чыгармачылык элдик педагогиканын тереңинде жаткан элдин акыл жана күчүн, анын нравалык идеалдарын алып жүрүүчү катары педагогикалык каражат боло алат».

Педагогика илиминин элдик педагогика тармагына олуттуу салымын кошкон академик А.Э. Измайловдун аныктоосунда: «Элдик педагогика – эл массаларынын тарыхый жана социалдык тажрыйбаларынан улам жаралып, практикада текшерилип тастыкталып, муундан-муунга оозеки өтүп келген эмпирикалык билим, көндүм, ыкмалардын тутуму».

Эгер элдик чыгармалар элге пайдасыз нерсе болсо, анда ал элдик деп аталбайт эле жана ага эл анчалык көңүл бурбайт да эле. Мына ушул себептүү айрыкча биз, педагогдор, элдик мурастарга бөтөнчө көңүл буруучуга тийишпиз.

Ф. Энгельс элдик чыгармалар элге көңүл ачуу максатында гана кызмат кылбастан, «элдин кулк-мүнөз сезимин ойготуп, өзүнүн күчүн, укугун, эркиндигин сезүүгө мажбур кылып, эр жүрөктүүлүгүн, өз Ата Мекенине болгон сүйүүсүн ойготуу максатын дагы көздөйт», – деп өзгөчө белгилеген.

Ал эми педагогика илиминин доктору, профессор Н.А. Асипованын пикиринде: «Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы, башка элдердин оозеки чыгармаларындай эле, ошол элдин материалдык жана рухий чагылуусу. Укумдан тукумга өтүп жатып, ал ар дайым байып, жаңырып жана бүтүндөй кыргыз эли басып өткөн турмуш жолун, анын маданиятын, укугун, турмуш-тиричилигин жана адеп-ахлагын өз ичине камтыйт».

Көп кылымдардын күбөсү болгон адабий фольклорубуздун ичинен түздөн-түз эле элдик тарбиялоо традициясын алып жүргөн жанрлардын бири санат-насыят ырларынын бардык үлгүлөрү болуп эсептелинет.

Элибизде “Сөздүн көркү – санат, куштун көркү – канат” деген жакшы макал бар [7, 44-б.].

Мектептик окуу китебинде санат-насыят ырлары жөнүндө мындай ой-пикирлер айтылат: “Адамдын кулк-мүнөздөрү, үй-бүлөлүк жана коомдук мамилелери, турмушка, дүйнөгө көз

караштары жөнүндө элестүү, курч сөздөр менен баяндалган акыл, насыят иретинде айтылган ырлар санат-насыят ырлары деп аталат. “Санат” деген сөз бир эле нерсе жөнүндө сөз козгобостон, түрдүү маселелерди санап айтуу деген маанини билдирсе, “насыят” деген сөз ошол саналып айтылган түрдүү маселелердин максаты акыл айтуу дегенди түшүндүрөт” [7, 23-б.].

Санат-насыят ырлары, башка жанрдагы ырларга салыштырып караганда, өзүнө гана тиешелүү спецификалык айырмачылыкка ээ.

Анткени алардын курулушу, ырдык мотиви, уйкаштык рифмаланышы, негизги жаралыш предмети, баяу, өнүгүү булактары болуп жөнөкөй сөз айкаштарынан эмес, тилде мурдатан эле калыптанып, туруктуу сөз айкаштарына биригип, учкул сөз катарына, афоризмдерге, макал-лакаптарга айланган көбүнчө таалим-тарбиялык идеяны үстөмдүк кылган, философиялык маанидеги түркүмдөрдүн эсебинен курулуп санат-насыят ырларына айлангандыгына көрүнүп турат.

Адамдардын турмушунда ар кыл мамилелерге, жаратылыштын кубулуштарындагы ар башка көрүнүштөргө жараша акыл-насаат айтуу, ой жүгүртүү – санат-насыят ырларынын башкы максаты.

Баарынан мурда санат сөз жөнөкөй адамга эмне үчүн керек? Ал угуучуну ынтаа менен тыңшатуу, ойдун сулуулугу менен таасир этүү, таң калтыруу жана тез кабыл алдыруу үчүн керек. Санат сөз укканды ыракат алдырган, улам-улам уккусун келтирген канаттуу кеп. Аны менен акыл айтылып, тарбия берилет, эмне жаман, эмне жакшы экендиги, жашоо, адам, жаратылыш, заман санатталат. Мектептерде, атайын жана жогорку окуу жайларында элибиздин пайдалуу салт-санааларын кайра жаралтуу максатында азыркы күндө санат-насыят ырларын окутууга көп көңүл бурулууда. Мектептик окуу китебинде санат-насыят ырлары жөнүндө мындай ой-пикирлер айтылат: “Адамдын кулк-мүнөздөрү, үй-бүлөлүк жана коомдук мамилелери, турмушка, дүйнөгө көз караштары жөнүндө элестүү, курч сөздөр менен баяндалган акыл, насыят иретинде айтылган ырлар санат-насыят ырлары деп аталат. “Санат” деген сөз бир эле нерсе жөнүндө сөз козгобостон, түрдүү маселелерди санап айтуу деген маанини билдирип, “санат” деген элдик термин бирде өз алдынча жанр же түр деген маанини билдирсе, бирде жалпы эле ыр деген маанини да билдирет, мисалы:

Ирмегендин баарысы –
Канат болот турбайбы?!
Ырдагандын баарысы –
Санат болот турбайбы?! – деп атактуу манасчы Сагынбай Орозбаков айтса, Тоголок Молдо:

Кызаргандын баарысы –
Манат болот турбайбы?!
Кылган иштин баарысы –
Адат болот турбайбы?!
Ырдагандын баарысы –
Санат болот турбайбы?!
Ырда десең ырды айтам,
Ар санаттан бирди айтам [8, 65-б].

Демек, жогоруда келтирилген үзүндүлөрдөн көрүнгөндөй, “санат” бир түркөй оозеки чыгармаларды эмес, түрдүү жанрдагы ырлар деген маанини (ырдагандын баарысы – санат болот турбайбы) кыйыр түрдө билдирсе, башка бир учурларда таалим, тарбия, акыл, насаат берүүчү афористтик же макал, лакаптарды кеңири чечмелеген ырлардын тобуна таандык болуп айтылат.

Санат-насыят ырларынын дагы бир бөтөнчөлүгү болуп, белгилүү бир тематикага арнап, турмуштун тигил же бул жагын атайылап сүрөттөбөстөн, жалпы эле тарыхый доорду ичине камтыйт да, карама-каршы эки диалектикалык категорияны параллелдейт, угуучулардын турмуштук таразасына салып, адилеттүүлүктү, чынчылдыкты, ишмердүүлүктү, гумандуулукту жогору коёт.

Азыркы учурда санат-насыят, терме ырларын айтуучулар аларды эки түрдүү аткара тургандыгына күбө болдук: бирөөлөрү эмоция, көтөрүңкү үн менен декламация мүнөзүндө сүйлөп аткарса, экинчилери комуздун коштоосунда обон менен аткарышат.

Бир катар фольклористтер кыргыз фольклорунун классификациясында санат-насыят ырларын дидактикалык жанр катары эсептешсе, башкалары дидактикалык жанр эмес, лирикалык жанрлардын тобуна таандык деген ойлорун билдиришкен.

Санат-насыят ырларындагы негизги мотив жаштарды жакшы сапаттарга ээ

болууга, айланадагы түркүн кубулуштар менен көрүнүштөрдү назар салып, көрө билүүгө үндөө болуп саналат. Ошондуктан мындай жанрдагы чыгармалардын таанытуучулук, тарбиялык, педагогикалык мааниси күчтүү болуп, революциядан мурдагы профессионалдык адабияты болбогон элдерде массалык түрдө айтылып келген.

Кайсыл гана санат-насыят ырларын албайлык, анда адептикке тарбиялоочу, үндөөчү дидактика жатат. "Адептик" термини, өзү арабча "адаб" деген сөзүнөн келип чыккандыгына карабастан, кыргыз элинин төл сөзүнө айланып калды. Ал коомдук илимдерде "мораль", "нравалуулук" деген сөздөр менен синонимдеш келээр айкын. А түгүл "адептик" термини мораль чагылдырган объектиден да кеңири чөйрөнү камтый алат. Эгерде мораль атайын белгиленген социалдык нормалардын, сырткы психологиялык таасирлердин, көзөмөлдөөнүн, коомдук сын-пикирлердин жардамы аркылуу адамдар арасындагы мамилелердин, жүрүм-турумдун бардык жагдайларын жөнгө салып турган болсо, "адептик" түшүнүгү коомдук жана жалпы адамзаттык талаптар менен жеке адамдын ички мотивдери шайкеш келип, анын эркиндик аракети, өз демилгелери, чыгармачылыгы коомдук аң-сезим менен өздүк аң-сезиминин аркасында жакшылыктарды жаратуу, жакшылыктарга ниеттенүүчүлүк, каалоочулук сыяктуу ички психологиялык жана сырткы мамилелик процесстердин биримдигин камтып турат. Мында "адептик" түшүнүгү моралдын практикалык аткарылышынан да көрүнөт. Ал эми моралдык жоболордун жеке адам тарабынан аткарылышы зордук-зомбулуктан, мажбурлоодон, аргасыздан эмес, чыныгы ниеттенүүчүлүк, эрктүүлүк менен эриш-аркак жүргөндө гана нагыз адепке айланат. Белгилүү философ И. Канттын: "Поступай так, чтобы ты всегда относился к человечеству и в своем лице, и в лице всякого другого так же, как к цели, и никогда не относился бы к нему как к средству" – деген пикири бул оюбузга далил боло алат [8].

Көптөгөн дүйнөлүк ойчулдар сыяктуу эле "адам" маселеси акындардын чыгармачылык объектисинин өзөгүн түзөт. Адам түшүнүгү, анын маңызы "асылдык", "ыйыктык" катары бааланып, гумандуулуктун жогорку даражасына айланат. Анын өзгөчө мүнөздүү белгиси болуп адамгерчилик, сылыктык, инсандык асылдыкты урматтоо чакырыгы эсептелет. Мындай принципиалдуу багыттын коомдук маданий маанисинде адеп-ахлак, тартип, жүрүш-туруш эрежелери, ыймандуулук, боорукердик, улууларды урматтоо идеялары негизги орунду ээлейт. Андай баалуу сапаттардын баары адамгерчиликтин маңызына топтолуштурулуп берилет.

Ошону менен катар, адамдардын коомдук мамилелерине ылайык, гумандуулук принцибине камтылган ак пейилдик, адамдарды урматтоочулук, боорукердик, ишеним көрсөтүүчүлүк, кең пейилдүүлүк, башкалардын кызыкчылыгы үчүн курмандыкка чейин баруучулук сапаттарын бириктирген моралдык "адамгерчилик" категориясы менен ширелип турат.

Санат ырларынын мааниси ар тараптуу. Маселен, эмгек, мээнет тууралуу төмөнкүдөй санатты айтсак болот: "Дениң соодо эринбей, бекерликке берилбей, эркиң менен жумуш кыл, "эринчээк, жалкоо" дедирбей.

Ошондой эле өнөр темасында: "Өнөрүң болсо өргө чап, кор кылбай асыл жанды бак. Эрдин көркү эл менен, эмгегиң менен элге жак".

Адамдык терс сапаттарды ашкерелеп, андай касиетке ээ болбоону пропагандалоочу санат ырлары дагы кездешет. Мисалы: "Жамгырдын кыян, сели жерди бузат, адамдан чыккан бузук элди бузат"; "Ушакчы ырыскылуу элди бузат, кээ бири карматпастан кетсе узак, ага да астыртадан коёт тузак" [9].

Фольклордук чыгармалардын баардык жанрларында тарбиялык маани камтылып, ар бир мезгилдин тарбиялоо процессиндеги баалуу каражат болуп келгендиги талашсыз. Алардын ичинен санат-насыят ырлары азыркы күндө дагы өз актуалдуулугун жоготкон жок десек жаңылышпайбыз. Буга далил катары "Санат" телеканалынын иш алып барышын айтсак болот. Аталган каналдан берилүүчү "Санат төр" жана башка көптөгөн тарбиялык мааниси зор берүүлөр биздин өспүрүмдөргө, жаштарга үлгү болоору талашсыз. Акыркы жылдар аралыгында өнөр инсандарынын кыргыз элдик санат-насыят ырларын жаңы мотивде, заманбап ыргактарга салып ырдоо тенденциясы да күч алууда десек жаңылышпайбыз. Муну менен катар "Насаат медиа" порталынын

пайда болгондугун айта кетсек болот. Мында заманбап технологияларын колдонуучулар өз ойлорун ортого салып, коомчулукта кандай пикирлер бар экендигин аныкташат.

Поступила: 01.12.22; рецензирована: 15.12.22; принята: 19.12.22.

***Адабияттар***


1. *Алимбеков А.* Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы: жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери, жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн / А. Алимбеков. Бишкек: Улуу Тоолор, 2018. 22 б.
2. *Асипова Н.А.* Заманбап билим берүү парадигмалары: окуу куралы / Н.А. Асипова. Бишкек, 2019. 362 б.
3. *Муратбаев Б.Б.* Формирование у будущего учителя готовности к трудовому воспитанию младших школьников средствами кыргызской этнопедагогики: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Б.Б. Муратбаев. Бишкек, 2006. 17 с.
4. *Шадиев Н.С.* Подготовка студентов к нравственно-эстетическому воспитанию младших школьников средствами кыргызского музыкального фольклора: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Н.С. Шадиев. Бишкек, 2011. 24 с.
5. *Умаров Т.Н.* Болочок мугалимдерди оозеки чыгармалар аркылуу окуучуларды адептик жактан тарбиялоого даярдоо: пед. илим. канд. ... дис. автореф.: 13.00.01 / Т.Н. Умаров. Ош, 2015. 23 б.
6. Залкар акындар / ред. коллегия Д.И. Сарыгулов, А. Акматалиев, Б. Кебекова ж. б. Бишкек, 2000. 317 б.
7. *Исаков Б.* Санат сөз / Б. Исаков. Бишкек, 2004.
8. Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары / түзгөн Т. Абдыракунов, жооптуу ред. С. Закиров. Фрунзе, 1973. 256 б.
9. *Койлубаев К.* Жазгыч акындардын чыгармачылыгы / К. Койлубаев. Каракол, 2010. 98 б.